# ПСИХОЛОГИЯ

**УДК: 373.29**
**DOI: 10.35254/bhu/2023.63.58**

***Тогузакова Б. Ш.***
*ОШМПУ*

## КЕНЖЕ МЕКТЕП ЖАШЫНДАГЫЛАРДЫН ФИЗИОЛОГИЯЛЫК, ПСИХОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада кенже мектеп жашындагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү кенири баяндалган. Окууга даяр экендигине карабастан, аларда айрым кыйынчылыктарга кездешет. Алар үчүн кыйынчылык мектеп тартибине байланыштуу. Ал эми аларга өз учурунда, сабакты калтырбай, кечикпей сабак учурунда тартипти бузбай, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруулары зарыл деген талап коюла баштайт. Бул талаптарды аткаруу үчүн бала эски өнөрлөрүнүн кескин түрдө баш тартып жаңы жүрүм-турумдарды өздөштүрүүсү керек. Ал эми мугалим менен ата-эненин талаптары так бирдей болгондо гана бул кыйынчылыктар балага тескери таасирин тийгизбей коюшу мүмкүн. Балдар үчүн дагы бир кыйынчылык өз теңтуштары жана мугалим менен мамиле жасоону үйрөнүү зарылчылыгынан келип чыгат.Мугалим окуучуларга канчалык кичи пейил, сылык мамиле жасабасын, анын официалдуу адам экендигин балдар жакшы түшүнүшөт.

***Түйүндүү сөздөр:*** *кенже мектеп жашы, адептик нормалар, тарбия, окутуу, педагогдук кесип, заманбап, кесип, кызыгуу, келечек, көз караш.*

***Тогузакова Б. Ш.***
*ОШГПУ*

## ФИЗИОЛОГИЧЕСКИЕ, ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА

**Аннотация**

В этой статье описывается широкий спектр психологических характеристик детей младшего школьного возраста. Несмотря на их готовность учиться, они сталкиваются с некоторыми проблемами. Проблема для них связана со школьным расписанием. У них возникает требование, чтобы они вовремя, не пропускали занятия и не опаздывали на занятия, не нарушая дисциплины, выполняли домашние задания. Чтобы выполнить эти требования, ребенок должен усвоить новое поведение, резко отказавшись от своих старых навыков. Но только если у учителя и родителей одинаковые требования, то эти трудности не повлияют на ребенка. Вторая проблема для детей возникает из-за необходимости научиться справляться со своими сверстниками и учителем.Дети понимают, что независимо от того, насколько вежливый и вежливый учитель по отношению к ученикам, он всегда Официальный человек.

***Ключевые слова:*** *младший школьный возраст, нравственные нормы, воспитание, обучение, педагогическая профессия, современность, профессия, интерес, будущее, мировоззрение.*

***Toguzakova B. S.***
*OSHSPU*

# PHYSILOGICAL, PSYCHOLOGICAL CHARACTERISTICS OF PRIMARY SCHOOL CHILDREN

**Abstract**

This article describes a wide range of psychological characteristics of primary school children. Despite their willingness to learn, they face some challenges. The problem for them is connected with the school schedule. They have a requirement that they do not miss classes on time and are not late for classes, without violating discipline, do their homework. To fulfill these requirements, the child must learn a new behavior, abruptly abandoning his old skills. But only if the teacher and parents have the same requirements, then these difficulties will not affect the child. The second problem for children arises from the need to learn how to cope with their peers and the teacher.

***Key words:*** *junior school age, moral norms, upbringing, training, pedagogical profession, modernity, profession, interest, future, worldview.*

Кенже мектеп жашындагы бала – башка курактагыларга салыштырмалуу мугалимдердин талабын каяшасыз, кыңк дебей аткарган, ишенчээк, ээрчиме, берилген тапшырма керек, керек эместигине карабай аткарууга аракеттенген тартиптүү жана алар мугалимдердин оң жана терс касиеттерине анчалык көңүл бурбаган инсан болушат. Ал эми кенже мектеп жашындагы балдар окутуу жети жашынан башталса, анда алар 11 жашына чейинки (1-3- класс) окутуу 6 жашынан башталганда, 9 жашка чейин (1-4-класс) куракты камтыйт.Кенже мектеп жашындагы балдарды окутуудагы ийгилик алардын мектепке болгон даярдыгына жараша болот. Кенже мектеп жашындагы балдар окууга даяр экендигине карабастан, алар айрым кыйынчылыктарга кездешишет. Алар үчүн кыйынчылык мектеп тартибине байланыштуу. Ал эми алар өз учурунда, сабакты калтырбай, кечикпей сабак учурунда тартипти бузбай, үйгө берилген тапшырмаларды аткаруулары зарыл деген талап коюла баштайт. Окууга жазууга 4-5 жаштагы балдардын үйрөнө аларын, ал эми алардын мындай мүмкүнчүлүктөрүнө 6-7 жашында гана ээ болуусу алардын окуу, жазуу жөндөмдүүлүгүнүн жоктугунан эмес, бул ишти уюштурбагандыктын натыйжасы деген. Шаар мектептеринде окууга «даяр» эмес (окуучулардын) балдардын 10-15 % ке чейин, айыл мектептерде окууга «даяр» эмес балдар 75% ке чейин жеткен. 5 жана 5,5 жаштагы балдарда 80 % ти түзсө, 6 жаштагы 51 % и, 6,5 жашта 32 % ти, ал эми 7 жаштагы балдарда 13 % ти түзгөн.

Мугалим окуучуларга канчалык кичи пейил, сылык мамиле жасабасын, анын официалдуу адам экендигин балдар жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан балада пайда болгон ишенбөөчүлүк, коркуу сезими аларды мугалимден алыстатат.

Балдар үчүн кыйынчылык окуу жылынын ортосунда да пайда болот. Бул кенже окуучулардан көңүл бурууну тырышчаактыкты, эрктик аракетти талап кылат. Ал эми мындай талапты аткарууга бардык эле окуучулар даяр болбойт.

Окуучулардын алдында болгон мындай обьективдүү кыйынчылыктар балдардын мектеп шартына, талабына тез адаптациялануусуна (көнүүсүнө) тоскоолдук кылат.

Кенже мектеп жашындагы балдардын негизги иш-аракети окуу. Окуу процессине окуучуларды көндүрүү үчүн мугалим адаптация кубулушунун закон ченемдүүлүгүн, анын кенже мектеп жашындагы балдарда өтүү өзгөчөлүгүн так элестетүүсү зарыл.

Балдардагы психологиялык адаптация бардык балдардын топторунда бирдей өтпөйт. Балдардын 56 % инин мектепке көнүүсү 2 айга созулат. Булар коллективге тез сиңишет, жаңы досторго ээ болушат, көңүлдөрү көтөрүңкү кең пейилдүү, мугалимдин талаптарын туура аткарышат. Балдардын 30% де адаптация биринчи чейректин акырына чейин созулат. Булар окуу ситуацияларын кабыл алышпайт. Мугалимдин окуучулар менен болгон карым-катнашы чыңалуу абалында болот. Өз маселелерин «тактоо» аракетинде болушат. Балдардын 14 %де адаптация өтө кыйындык менен өтөт. Окуу программасын өздөштүрө алышпайт, негативдүү жүрүш-туруш байкалат, класстын иштөөсүнө тоскоолдук кылат.

Бул келтирилген фактылар жаңы окуу иш-аракетин өздөрү да окуучулардан атайын убакытты талап кылаарын, спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ экендигин жана бул этапты акылдын деңгээлинде башкаруу окуучуларды жолго салууга өбөлгө болоорун билдирет.

Бул курактагыларда көп жаңы физиологиялык өзгөрүүлөр жүрөт. Бирок физиологиялык өнүгүүсү жай, бир калыпта болот.

1. Кенже мектеп жашындагы балдардын скелеттеринин калыптануусу токтоло элек учур болот да, алар өтө ийилчээк, жумшак болот. Балдардын денелеринин мындай болушу мугалимдерден өзгөчө этияттыкты талап кылат, жана дагы физикалык жактан балдардын туура өсүүсү калыптануусу, жүрүм-туруму көзөмөлдөнүп туруусу зарыл. Ал эми сумканы колуна көтөрбөстөн, эки ийнине асып алышы максатка ылайыктуу.

2. Балдардын булчуң эттери менен биргеликте алардын жалпы физиологиялык күчү да өтө активдүү өнүгө баштайт. Ошондуктан тактыкты талап кылуучу майда кыймылдарды жасаганга караганда, күчтүү, чоң-чоң кыймылдуу жасоого жөндөмдүү болушат. Ушундай фактордун негизинде баладан мектептен алыстоо сезими пайда болот.

3. Кенже жаштагы балдардын манжаларынын, муундарынын бекемделиши 9-11 жаштарында токтолот. Ошондуктан балдар жазуу иштерин бир топ кыйынчылык менен аткарышат.Демек, балдар менен жазма иштерин көп жүргүзбөө керек. Ал эми үй тапшырманын да мүмкүн болушунча чектелүү болуусу зарыл. 1-класска жаны кирген бала 1 минутада 4-6 белгини жазса, ал эми 1 минутада 10-12 белгини жаза алат. 2-класста 1 минутада 20-25 белгини, 3-класста 40-45 белгини жазууга күчтөрү жетип калат.

4. Балдардын жүрөк булчуңдары интенсивдүү өнүгөт. Булчуңдар жүрөктү кан менен жакшы камсыз кылат. Кан ташуучу тамырлардын диаметри кенен болот да, кандын эркин жүрүшүнө агышына мүмкүндүк берет. Бирок, балдардын жүрөгү тез козголмолуу ойнок болгондуктан, тышкы дүүлүгүдөн жүрөктүн аритмиясы байкалат.

5. Жети жашынан кийин баш мээнин салмагы кескин жогорулайт. Мээнин орточо салмагы чоң кишилердин баш мээлеринин салмагына жакын болот. Жети жаштагы баланын баш мээсинин салмагы 1280 грамм болсо, ал эми 11 жаштагы баланыкы 1400 граммга барабар. Жаш балдардын баш мээсинин мындай бөлүгү тез өнүгөт. 7 жашта чоң жарым шаардын мындай бөлүгү морфологиялык жактан жетилүүсү аяктагандыктан максаттуу багытталган эрктүү жүрүш- туруштарды, пландоо жана аракет программаларды аткарууга мүмкүндүк берет.

6. Жогорку нерв системасынын касиеттери болгон козголуу жана тормоздо-

луу процесстеринин ортосундагы мамиле өзгөрөт.7-10 жаштагы балдардын нерв процесстеринин касиеттери чоң кишилердин нерв системасына касиеттерине жакындайт.

7. Эркек баланын бою жылына 13-14 см ден өсүп, үчүнчү класстын акырында 130-145 см ге чейин жетет.Эркек баланын салмагы жылына 6-9 кг га өсүп, 28-32 кг ды түзсө, ал эми кыздарда 6-7 кг өсүп, салмагы 27-38 кг га барабар болот.

8. Булардын кан тамырларынын кагышы бир минутада 84-90 го жетсе, ал эми чоң кишилердики 70 ке жетет.

9. Кан менен бардык организмдерди камсыз кылуу чоң кишилерге салыштырмалуу эки эсеге жогору болот.

10. Өзгөчө арка белдин булчуңдары начар калыптануу абалында болгондуктан, денени тике абалда көпкө чейин кармап тура албайт, оор салмактагы жүктү көтөрө албайт.

Ошентип кенже мектеп жашындагы баланын организими узак статикалык абалда иштей баштайт. Мектепке келгенден кийин балдарда баш ооруу, уйкусу качуу, табити бузулуу, чарчоо жана ооруу пайда болуп көп кездешет.Окуучулардын мындай өзгөчөлүктөрүнө көп мугалимдер маани беришпейт.Кенже мектеп жашындагы балдар менен иштеген мугалимдердин бириден-бир негизги милдети алардын ден-соолугун көз жаздымда калтырбоо болуп саналат.

Бул курак тепкичти экинчи курактык тепкичтен айырмалоочу негизги индикатордук кызматты психикалык процесстердин өзгөрүүсү аткарат.Ошондуктан кенже мектеп жашындагы балдардын кабыл алуусун, көңүл буруусун жана башка психикалык процесстердин өзгөчөлүктөрүн талдоого алабыз. Кенже мектеп жашындагы балдар өзүн курчап турган чөйрөнү кызыгуу, кунт коюу менен кабыл алышат. Балдарды көрүү, угуу, органдары күчтүү иштегендиктен, мектепке өнүккөн кабыл алуусу менен келишет.Бирок физикалык, психикалык өнүгүүнүн алгачкы этабында тургандыктан, алардын кабыл алуусунда көп жетишпегендиктер кездешет.Алардын айрымдарын талдоого алабыз:

1. ***Кабыл алуулары*** – алгач эрксиз мүнөзгө ээ. Окуучуларга тигил же бул затты көрсөткөндө, анын формасын, түсүн атоо менен чектелип, кабыл алуусун туура башкарып, өз алдынча талдай алышпайт.

2. Баланын кабыл алуусу предметтин өзгөчөлүгүнө жараша болот. Заттарды ачык байкалган түстүн элементтерин жеңил бөлүп алуу менен чектелип, затты ар тараптан талдабай, негиздүүсүн көз жаздымда калтырып, аны бөлүктөргө ажыратууга аракеттенишпейт.

3. 1-2-класстын окуучуларынын кабыл алуулары начар дифферецияланган. Окуучулар окшош заттарды, обьектерди, мисалы, арпаны, буудайды, 6 ын 9 дан, Э тамгасын 3 тамгасынан ж.б. окшош обьектерди бири-биринен ажырата алышпайт. Окуучулардын мындай каталарды кетирбеси үчүн мугалим үйрөнүүчү обьектердин окшош жактарын, өзгөчөлүктөрүн так айырмалоону үйрөтүшү зарыл. Мында мугалимдин жетекчилиги негизги орунда турат.

4. Кабыл алууда сөз негизги орунда ээлейт. Сөз баланын аракетин багыттап, кабыл алуусун жетектейт. Сөз жөнүндө маселени түзүүнү үйрөнүшөт. Кабыл алууда сөздүн ролу өзгөрөт. 2-3-класста затты сөз аркылуу атайт, ошону менен бирдикте аны сөз жүзүндө сүрөттөөгө да болот.

5. Кенже мектеп жашындагы балдарда убакытты, мейкиндикти кабыл алуусу чоң өзгөрүүгө дуушар болот. Окутуунун жардамы менен балдар заттын мейкиндик касиеттерин маселелерин ажыратат. Балдар кыска убакытты , убакытты узартып кабыл алышаары далилденген. Балдардын бир минутаны кабыл алуу тактыгы класстан класска өткөн сайын өзгөргөндүгү байкалган.Баланын окуу иштеринде мейкиндиктин бир касиети болгон заттын формасын кабыл алуу негизги орунду ээ-

лейт. Бул феномен илимде жеткиликтүү изилденбеген.

Чет өлкөлүк окумуштууларда бала затты кабыл алууда анын формасын түсүнө карама-каршы коет деген ой кездешет. Мындай карама-каршылык заттын формасын, түсүн анын түрдүү белгилер катары карагандыктан келип чыгат. Бул дегендик балдарда жогоркудай ойдун жок экендигин билдирет жазат психолог Е.И.Игнатьев. Мисалы, ар бир заттын өзүнүн негиздөөчүсү касиеттери бар. Затты мүнөздөөдө бир учурда анын формасын, экинчи учурда анын түсүн негиз кылып алышат. Желек үчүн анын түсү, автомобиль анын түсү, автомобиль үчүн анын формасы негизги белги болуп саналат

Бала затты кабыл алганда анын элементтерин кабыл албастан, жалпы көрүнүшүн кармап калышат. Кабыл алуунун мындай жетишпегендиги мугалимдин жетекчилиги менен жоюлат.Бала окуу процессинде көптөгөн сүрөттөрдү, обьектерди көрүшөт. Мугалим окуучулардын алардын мазмунун чечмелөөнү талап кылат. Бул талапты окуучулар мугалимдин жардамысыз аткара алышпайт, себеби сүрөттүн ж.б. обьектердин сюжетин кабыл алуу жөндөмдүүлүгү акырындап өнүгүп отурат.

***Эс*** -баланын психикалык өнүгүүсүндө эс процесси негизги, өзгөчө орунда турат. Кенже мектеп жашында эс чоң өзгөрүүгө душар болуучу учур. Төмөнкүдөй маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Окуунун алгачкы этаптарында бала материалдык эрксиз эске сактоого жөндөмдүү болот.

2. Айрым психологдор кенже мектеп жашындагы балдарда механикалык эс негизги орунда турат деп эсептешет. Советтик психологдор балдарда механикалы эсте сактоо эффективдүү эмес экендигин, күчтүү эрктик аракетти талап кылаарын ал эми мындай жөндөмдүүлүк балада али өрчүбөгөнүн белгилешет.

3. Ар түрдүү жаштагы балдар маанисиз муундан турган сөздөргө караганда, манилүү муундан турган сөздөрдү көп эстеп калаары белгиленет. Маанисиз, маанилүү сөздөрдү эффективдүү жаттоо алардын потенциалдык мүмкүнчүлүгүнө жараша болуу менен бирге, ар башка курактагы балдарда ар түрдүүчө болот.

4. Кенже мектеп жашындагы балдардын окуу процессинде эрктүү эске сактоосу негизги орунду ээлейт деген ой-пикир таралган. Бирок окуу материалдарын эрктүү эске сактоодо ички активдүүлүк болбосо окуучудан көп нервдик энергияны талап кылат.

Кенже мектеп жашындагы балдардын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында эрктүү, ойлонулган эсте сактоосу өнүгүп барат. Адегенде балдарда өзүнүн иш-аракетин көзөмөлдөөсү начар өнүккөндүктөн, материалдын мазмунун түшүнүүгө, мазмундуу кайталоого анча мани бербей, мугалимге мазмундуу айтып берүүгө умтулбай көп учурда өзү же мугалим материалды канча жолу кайталаганын, айтып бергенин механикалык жол менен жаттап сырткы элемети боюнча өзүнүн эмгегин баалагандыктан жаттоо кыйын болуп, көп күч сарпталат. Ошентип, кенже мектеп жашындагы балдардын эси курагына көз каранды.Аларда төмөндөгүдөй жалпы өзгөчөлүктөр кездешет.

1. Кенже мектеп жашындагы балдар көргөзмөлүү түшүнүктөрдү эстерине жакшы сакташат.

2. Сөз менен туюнтулган түшүнүктөр эстеринде түрдүүчө калат. Эгер сөз конкреттүү предметтердин атын билдирсе, эстеринде жакшы калат. Ал эми сөз абстрактуу предметти билдирсе, түшүнүк эстеринде жакшы калбайт.

3. Абстрактуу түшүнүктөр да эстеринде түрдүүчө сакталат.Ал эми айрым абстракту түшүнүктөр башка кубулуштар менен начар байланышта турса, анда алардын эстеринде жакшы калбайт.

4. Эстин конкреттүү- образдуу мүнөзү балдардын иштеринин бардык түрүндө кездешет.

5. Кенже мектеп жашындагы балдарда сөз логикалуу эске караганда, образдуу көргөзмө эс күчтүү өнүккөн. Алар конкреттүү окуяларды, фактыларды, предметтерди эстеринде жакшы калтырышат.

6. Биринчи класстын окуучуларына караганда 4- класстын окуучулары материалдарды эки-үч эсеге көп жатташат. Сөздү жаттоо жөндөмдүүлүгү эки жаштан башталат. Эң жогорку тепкичке 7-8 жашта жетет.

7. Кенже мектеп жашындагы балдар чоңойгон сайын, эске сактоосу жакшыра баштайт. Жаттоо бекемдиги 2- класстан 5-класска чейин өсөт, ал эми 5-класстан 8-класска чейин бул процесс төмөндөйт. Балдар чоңойгон сайын жаттоо мүмкүнчүлүгү жогорулайт, ал эми жаттаганын эстеп калу бекемдиги начарлайт.

8. Кенже мектеп жашындагы балдарда эрктүү эске караганда эрксиз эске сактоо күчтүү өнүккөн, себеби алар материалды маанилери боюнча топтоону билишпейт, анын негизги таяна турган жерлерин ажырата алышпайт, логикалык план түзө алышпайт.

***Ойлоо***-кенже мектеп жашындагы баланын акыл мүмкүнчүлүгүнүн ар тараптуу, бай экендигин көрсөтөт. Балдардын ойлоосуна шарт түзүлсө, алар абстрактуу, теориялык маселелерди да чечүүгө жөндөмдүү экендиги аныкталган. Негизинен, кенже мектеп жашындагы баланын акылынын өнүгүүсү конкреттүүрөөк да, абстрактуурак да болуп, эки карама-каршы багыт боюнча эркин өнүгө баштайт. Бирок балдардынойлоосу көбүнчө конкреттүү, образдуу келет.Кенже мектеп жашындагы балдардын ойлоосун өстүрүүчү, жетектөөчү адам – бул мугалим. Анын иш-аракетинин натыйжалуулугу математика, кыргыз тил сабактарын мыкты билишине жараша болот. Бул аталган сабактардын мазмунунда абстракту түшүнүктөрдүн көптүгү менен шартталат. Аны кабыл алуу үчүн окуучулар түрдүү акыл аракеттерин колдонушу керек.

***Элестетүү.*** Окуу процесси балдардын элестетүүсүнө өзгөчө талап коет. Бала ар түрдүү сабактарда мугалимден, китептен алган информацияны өзгөртпөй, дал өзүндөй кайталоо менен гана чектелбей, калып калган окуялардын, сүрөттөлбөй калган адамдардын өзгөчө белгилерин элестете билүүсүн да талап кылат.Жалпысынан, кенже мектеп жашындагы балдардын элестетүүлөрү алгач информацияларды аз санда кайтадан иштеп чыгуу деңгээлинде жүрөт. Турмушта көргөн окуяларын өзгөртпөй айтып берүүгө аракеттенишет.Кенже мектеп жашындагы баланын элестетүүсү конкреттүү затка таянуу менен пайда болот. Мисалы, оюнда – оюнчукка, үй буюмдарына, конкреттүү сүрөткө, образга таянып, ошонун натыйжасында алымча-кошумча негиздеп, образды жаратат.

***Көңүл буруу-*** башка процесстерден ажырап өзгөчө таануу процессине кирбейт. Ал кабыл алууда, ойлоодо, эсте көрүнөт. Көңүл буруу тышкы дүйнөдөн адамдын жанына кирүүгө мүмкүн болгондордун бардыгы өтө турган эшик, - деп жазган К.Д.Ушинский.

Кенже мектеп жашындагы балдардын окуусунун алгачкы этабында көңүл буруу эрксиз мүнөзгө ээ. Бул жашта өтө ачык обьекттер, күтүлбөгөн окуялар алардын көңүлдөрүнүн борборунда турат.Эрксиз көңүл буруу туруктуу болсун үчүн материал көргөзмөлүү, ачык болушу зарыл. Кенже мектеп жашындагы балдарда эрктүү көңүл буруу өсүү абалында турат. Эрктүү көңүл бурууну өстүрүү жана ага чоң маани берүү керек экендигин К.Д.Ушинский негиздеген. Эрктүү көңүл буруунун өсүүсүнө мугалим көмөктөш болот. Мугалимдин жетекчилиги менен сабакта активдүү иштөө, максаттуу аракет жасоо ыкмаларын үйрөтүү эрктүү көңүл бурууну өстүрүүгө жардам берет. Кенже мектеп жашындагы балдардын көңүл буруулары чоң кишилердикине салыштырмалуу жеткиликтүү өнүккөн эмес. Көңүл

буруунун алмашуусу начар. Бир обьекттен экинчи обьектке өтүүсү жай жүрөт.Көңүл буруунун туруктуулугу жеткиликтүү эмес, жеңил эле алагды болушат. Жумушту аткарууда көңүлдөрүн бир жерге, узак убакытка чейин топтой албайт. Көңүл бурууларынын көлөмү чоң кишилерге салыштырмалуу чакан. Алар бир эле учурда сүрөттү көрүү менен бирге, мугалимдин аңгемесинин мазмунун, автордун сөзүн угуп, кабыл алууга жөндөмсүз келишет. Ал эми 1-2- класстын окуучуларынын көңүл буруусунда чаржайыттык көп байкалат.Анын себептери төмөндөгүчө: Баланын чарчоосунан (кеч жатат, кечки кинону көрөт, мейманга барат) , туура эмес дем алуудан, баш мээ кан менен нормалдуу камсыз болбогондон.

Көңүл буруу туура уюштуруу үчүн сабакты нормалдуу темпте өтүү, бош убакытты кескин азайтуу,түшүндүрүү, суроо так, жеткиликтүү, кыска көп сүйлөбөй, деталдуу түшүндүрмө берүү керек.

Кенже мектеп жашындагы балдар менен педагогикалык ишти ийгиликтүү уюштуруунун бирден-бир жолу болуп алардын анатомо-физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу саналат. Кенже мектеп жашындагы балдар менен иштеген мугалимдер буларды жалаң гана окутпастан , психологиялык, физиологиялык жактан, туура калыптандыруу ишин да жүргүзүүсү зарыл. Окуучулардын анатомо-физиологиялык , психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүнүн максаты бул өзгөчөлүктөрдүн окуу ишине, баланын психологиялык абалдарына, мугалимге өз жолдошторуна болгон мамилесине тийгизген таасирин тактоо саналат. Ачыгыраак айтканда, окуучунун жетишүүсүн тигил же бул сабактарга болгон кызыгуулары, жүрүш-туруштары жалаң гана окуучунун жөндөмдүүлүгүнө, мүнөзүнө жана башка касиеттерине жараша болбостон, баланын анатомо-физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүгүнө да көз каранды болот. Мына ошондуктан мектеп мугалимдери өзү окуткан окуучулардын негизги анатомо-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн билүүсү зарыл.

**Адабияттар**

1. Абрамова Г.С. Возрастная психология: Учеб. пособие для студ. вузов. / Г.С. Абрамова. - 4-е изд., стереотип. — М.: Издательский центр «Академия», 1999. — 672 с.

2. Кулагина И.Ю. Возрастная психология: развитие ребенка от рождения до 17 лет / И.Ю. Кулагина // Ун-т Рос. акад. образования. -- 5-е изд. - М.: Изд-во УРАО, 1999. - 1753.

3. Жумалиева Ж. Жаш курак психологиясы: окуу куралы. / Ж. Жумалиева. - Б: 1999. - 256 б.

4. Минбаев К. Курак жана педагогикалык психология. / К.Минбаев. Ош, 1995. – 188 б.

5. Минбаев К. Адам психологиясы. / К.Минбаев. – Ош, 2000. – 220 б.

6. Закиров А.Психология боюнча практикум. / А.Закиров. – Ош, 2005. – 172 б.